**Кыргыз Республикасы**
**Жалал-Абад облусу**
**Сузак району**
**Кыз-Көл айыл аймагынын**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**
**Индекс 30262588 Чымчык-Жар айылы**
**Т.Сатаров көчөсү 26**
**Эл.почта kyz-kol.gov.kg**

**Кыргызская Республика**
**Жалал-Абадская область**
**Сузакский район**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**Кыз-Кольского айылного аймака**
**Индекс 30262588 село Чымчык-Жар**
**Улица Т.Сатарова 26**
**Эл.почта kyz-kol.gov.kg**

# ТОКТОМ

**28-июль 2026-жыл** **Чымчык-Жар айылы**

**Кыз-Көл айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезектеги Х сессиясынын**

**№ 10- токтому**

**Жайлоодон малдарды көчүрүп келүүдө белгиленген мал айдоо жолун пайдалануу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын жер мыйзамдарына жана жергиликтүү калктын мал чарбачылыгы менен байланышкан кызыкчылыктарын эске алуу менен, жайлоолордон малдарды көчүруп келүү учурунда айдоо жолдорун иретке келтирүү, айыл чарба жерлерине жана башка жер тилкелерине зыян келтирүүнүн алдын алуу максатында жана Кыз-Көл Таза аймак муниципалдык ишканасынын жайыт боюнча адиси К.Садыковдун , айыл өкмөтүнүн жер адиси А.Орозалиевдин сунушун угуп, талкуулап Кыз-Көл айыл аймагынын айылдык кеңешинин Х сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Жайлоодон малдарды көчүрүп келүүдө малдарды айдоо үчүн белгиленген жана картада көрсөтүлгөн атайын мал айдоо жолунун машруту бекитилсин. (тиркеме тиркелет).

2. Жайлоодон малдарды көчүрүп келүүдө мал ээлерине жана мал айдоочуларга малдарды ушул токтомго тиркелген картада көрсөтүлгөн жана белгиленген мал айдоо жолу аркылуу гана айдап өтүү милдеттендирилсин.

3. Мал айдоо жолунун бекитилген багытын өз алдынча өзгөртүүгө, айдоо жерлер, айдоо аянттары, короолор жана башка жер тилкелери аркылуу уруксатсыз мал айдоого жол берилбесин.

4. Ушул токтомдун талаптарын бузуу менен башка жерлер аркылуу мал айдалып, жер тилкелерине зыян келтирилген учурда күнөлүү адамдар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилике тартылары эскертилсин.

5. Кыз-Көл айыл өкмөтүнун жер адиси А.Орозалиевге жана Кыз-Көл Таза аймак муниципалдык ишканасынын жайыт боюнча адиси К.Садыковго бекитилген мал айдоо жолунун багытын жеринде тактоо, мал айдоо жолунун белгиленген мар шрут боюнча пайдаланышына көзөмөл жүргузүү, жайлоодон малдарды көчүрүү мезгилинде мал ээлерине жана айыл тургундарына белгиленген мал айдоо жолун пайдалануу боюнча түшүндурүү иштерин жүргүзүү, зарыл болгон учурда мал айдоо жолунун багытын белгилөөчү тиешелүү белгилерди орнотуу боюнча сунуштарды киргизүү жагы тапшырылсын.

6. Аталган токтом Кыз-Көл айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жарыяланып, Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестирине жайгаштырылгандан кийин мыйзамдуу күчүнө кирет.

7. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айыл өкмөтүнүн башчысы С.Абдурасуловго жүктөлсүн.

**Төрага:** **К.Кушбаков**